Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№4 [17000] ИШЕМБИ, 14/02/2026

## Облус башчысы спортчуларга сертификат тапшырды




2-бетте

## ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ЖҮГҮН КӨТӨРГӨН ЖЕТЕКЧИ



8-бетте

## МУКТАЖ ЖАРАНДАРЫБЫЗГА КОЛДООЛОР КӨРСӨТҮЛДҮ



3-бетте

## МЫРЗА-АКЕ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ӨНҮГҮҮ БАГЫТЫНДА



4-бетте

**"Ош жаңырыгы" сиздер менен!**

"Ош жаңырыгы" гезитине 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош жаңырыгы

# Облус башчысы спортчуларга сертификат тапшырды






Ошто өспүрүмдөр арасында бокс боюнча Кыргыз Республикасынын биринчилиги өттү. Бул спорттук иш -чаранын расмий ачылыш аземине Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев катышты.

Иш -чаранын ачылышында сөз сүйлөгөн облус башчысы Аманкан Кенжебаев жаш спортчуларга ийгилик каалап, күчтүүлөр жеңишке жетишине тилектештигин билдирди. Ошондой эле өкүлчүлүктүн атынан мелдешти жогорку деңгээлде өткөрүүгө колдоо көрсөтүү максатында 200 миң сомдук сертификат тапшырды.

Бокс боюнча жаш спортчулар арасындагы республикалык биринчилик 13- февралда аяктады. Мелдешке 300дон ашуун жаш спортчулар катышты.

**К.Кыдыралиева.**

# Жарандардын көйгөйлөрү чечилет




Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев облустун аймагынан келген жарандарды жеке маселелери боюнча кабыл алды.

Кабыл алууда тургундар негизинен жер тилкеси, турак жай, жол, бала бакча, спорт зал, көпүрө, жаңы конушка көмөкчордон алууга көмөктөшүү сыяктуу турмуштук маанилүү маселелерин көтөрүштү.

Облус башчысы ар бир кайрылууну жеке угуп, тиешелүү жетекчилер - райондук мамлекеттик администрация башчылары - акимдер, айыл өкмөттөрүнүн башчылары менен түз байланышып, маселелерди ыкчам жана натыйжалуу чечүү үчүн тапшырмаларды берди.

**Прокурордук көзөмөл**

# Мыйзам бузуулар аныкталды

Кыргыз транспорттук прокуратурасы 2025-жылы мыйзамдуулукту чыңдоо, мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоо жана транспорт тармагындагы инвестициялык абаны жакшыртуу үчүн ийгиликтүү иш жүргүзгөндүгүн белгилейт.

2025-жылдын 12 ай ичинде Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө багыты боюнча жүргүзүлгөн 29 текшерүүнүн жыйынтыгында 121 мыйзам бузуулар аныкталып, аларды жоюу максатында жалпысынан 40 прокурордук акт келтирилип, 2 кылмыш иш козголгон.

Келтирилген прокурордук актылардын негизинде 80 кызмат адамдары тартиптик жоопкерчиликке тартылышып, мыйзам бузууларды четтетүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлгөн жана мамлекетке келтирилген 70 140 738 сом зыян акчалай түрдө, ал эми 15 225 916 000 сом натуралай түрдө өндүрүлгөн.

Мисалы, Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүдө "Кыргызстан



Аэропорттору" ААКнун карамагында турган мамлекеттик мүлктөр натыйжасыз пайдаланылып келе жаткандыгы аныкталды.

29.04.2025-жылы Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан аталган мыйзам бузууларды четтетүү жана мамлекеттик контролду күчөтүү максатында прокурордук актысы киргизилип, анын негизинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана башка ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан Ысык-Көл жана Баткен областтарында жайгашкан жана мурда мамлекеттин экономикалык кызыкчылыктарын бузуу менен пайдаланылып жаткан жалпы аянты 335,6 га жер тилкелерин "Кыргызстан Аэропорттору" ААКнун уставдык капиталына өткөрүп берүү жөнүндө бир катар чечимдер кабыл алынды.

Уставдык капиталга киргизилген мүлктүн жалпы наркы 15 млрд. 225 млн. 916 миң сомду түзүп, бул мүлк компаниянын уставдык капиталындагы мамлекеттин үлүшүн бир кыйла көбөйтүүнү камсыз кылат жана республикалык бюджетке дивиденддердин түшүүсүнүн олуттуу өсүшүнө алып келет.

Жогорудагы иш-чаралар стратегиялык маанилүү ишкананы башкарууда мамлекеттин позициясын бекемдөөгө жана анын активдерин пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

Аталган багытта иштер улантылууда.

**Н.А. Матисаков,**
**Кыргыз транспорттук прокурору,**
**юстициянын полковниги.**

**Руханий азык**

# Элдин жан дүйнөсүн байыткан китепкана

Китепкана — бул жөн гана китеп сакталган жай эмес, ал элдин руханий дөөлөтүн сактаган, билим менен тарбияны айкалыштырган маданий борбор. Мындай мекеменин жүрөгү болуп, аны жандандырып турган инсандын эмгеги өзгөчө урматтоого татыктуу. Ошондой адамдардын бири — көп жылдык коомдук жана агартуу ишмердүүлүгү менен айырмаланган, өз кесибине берилген китепканачы Алтынай Ажиева.

Ал Өзгөн районунун Мырза-Аке айыл өкмөтүндөгү Алтын-Булак айылындагы №23 китепканада көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенип келүүдө. Анын максаты ишмердүүлүгүн жаңы деңгээлге көтөрүп, китепкананы заманбап маалыматтык жана маданий борборго айландыруу болуп саналат. Анын иш-аракеттери китеп аркылуу коомду өнүктүрүүнүн, руханий дүйнөнү байытуунун жаркын үлгүсү болуп саналат.

Ажиева Алтынай ОшМУнун педагогика факультетин башталгыч класстардын мугалими адистиги боюнча бүтүргөн. Эмгек жолун 1984-жылы Өзгөн районундагы Комсомол айылында аялдар кеңешинин төрайымы болуп иштөө менен баштаган. 2019-жылдан бери аты аталып жаткан № 23 китепкананын башчысы болуп иштеп келе жатат.

Китепкананын маалымат борборунда



окурмандар аралык китеп конкурстары өткөрүлүп турат. "Китеп акылдын уюткусу" деген окуу лагери уюштурулат. Китепканада көркөм өнөр, шар окуу, шахмат оюндары, кыргыз тилин өнүктүрүү, логопед кружоктору иштөөдө. ЮНИСЕФ долбоору менен иштөөнүн алкагында китепкананы эрте куракта окутуу борборлоруна айландыруу максатында, 1-класстан 5-класска чейинки балдар Оштогу Т.Сатылганов атындагы облустук китепканага экскурсияга барып келишти.

Келечек ээлери болгон жаш муундар үчүн Китеп көргөзмөлөрү, адабий кечелер уюштурулуп келатат. Ал эми 2025-жылдын 14-ноябрында айылдан чыккан залкар талант Мамат Оморовдун 90 жылдык маарекесине карата "Талант өлсө, анын изи калат" аттуу музыкалык эскерүү кечеси өткөрүлдү.

Заманбап китепкана багытындагы бир катар Эл аралык конференцияларга катышып, китепкананы өнүктүрүү тажрыйбаларын окуп үйрөнүп, өздөштүрүүгө жетишти. Улуттук программаларды ишке ашыруу боюнча Кыргыз элинин каада-салт, үрп-адаттарын кайра жандандыруу, коомчулукта жаш ата-энелер менен кол өнөрчүлүк, таар сокмо, шырдак, этно кийимдерди тигүү ийримдери менен китепкананын байланышын чыңдоо иштери жүргүзүлүп жатат.

Анын көп жылдык эмгеги бааланып, өткөн жылы КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамотасы жана Мамат Оморовдун 90 жылдыгына карата өткөрүлгөн эскерүү кечесине карата атайын Диплом менен сыйланган.

Азыркы учурда китепкана маданий борбор катары элдин руханий жан дүйнөсүн байытуу, билимдүү балдарды тарбиялоо, китеп жана маалымат менен камсыздоо максатында иш алып барып жатат.

**А.САПАРБАЕВА.**

**Мирлан Суюнбаев:**

# «МУКТАЖ ЖАРАНДАРЫБЫЗГА КОЛДООЛОР КӨРСӨТҮЛДҮ»

**Ноокат райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысы Суюнбаев Мирлан Ашыралиевичтен кабарчыбыз өткөн жылдагы аткарылган иштер, социалдык жактан колдоого муктаж болгон жарандарга көрсөтүлгөн жардамдар тууралуу маалыматтарды алган. Окурмандарга аталган башкармалыктын иш - аракеттери жөнүндө баян этебиз.**



-Ноокат райондук Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында жалпысынан 75 штаттык бирдик бар. Алардын ичинен 36 мамлекеттик кызматкер, 39 социалдык кызматкер жана 7 кенже тейлөөчү кызматкерлер эмгектенет. Бул штаттык түзүмдүн ичинде 7 бөлүм бар.

Ал эми кызматкерлерди иштеген эмгеги үчүн сыйлоо боюнча 2025-жылга карата 3 кызматкер Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн Ардак грамотасы менен, 1 кызматкер Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ыраазычылык каты менен сыйланды. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин төш белгиси менен 2 кызматкер, ал эми Ардак грамотасы менен 5 кызматкер, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен 2 кызматкер, Мамлекеттик мекеме- ишканалардын жана коомдук тейлөө кызматкерлеринин Ош Аймактык Комитетинин Ардак грамотасы менен 3 кызматкер сыйланды.

Ал эми мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу боюнча 2025-жылдын IV кварталына карата 13 кызматкер ар түрдүү багыт боюнча окууларга жөнөтүлдү.

## Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө

Ноокат райондук Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында 2022-жылдын ноябрь айына карата бекитилген штаттык бирдикке ылайык, 2025-жылдын 1-сентябрына карата 10 штаттык бирдик бар. Алардын ичинен 1 бөлүм башчы, 2 башкы адис, 5 жетектөөчү адис, 2 адис штаттык бирдиктер бар.

Ноокат району боюнча 2025-жылдын IV-кварталына карата 4522 үй-бүлөнүн 17068 баласына "үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулу дайындалып, райондун аймагындагы 50842 жалпы кожолуктун 8,9 % , ал эми бала саны боюнча райондогу жалпы 16 жашка чейинки 126248 баланын 13,5% түзөт. Бир айлык керектелүүчү сумма 20572,1 миң сом.

Жөлөк пулдун бир балага орточо көлөмү 1200,0 сомду түзөт.

Салыштырмалуу 2024-жылдын IV-кварталына 5611 үй-бүлөлөргө мамлекеттик жөлөкпул дайындалган, ал эми жалпы кожолукка карата 11,2 %ын түзгөн. Анын ичинен 121920 балага жөлөк пул дайындалган (жалпы 16 жашка чейинки балдарга салыштырганда 16,8 %ды түзгөн.)

2024-жылга салыштырганда 2025-жылы социалдык келишимдин, даректүүлүктү күчөтүүнүн негизинде, 1089 үй-бүлөгө, 3460 балага кыскарган. Үй-бүлө саны на 19 % , ал эми бала санына 17 % бир айлык жалпы суммадан 4149,0 миң сомго кыскарган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 токтому менен бекитилген мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу тартиби жөнүндөгү жобонун негизинде кайрылган ар бир жаранга түшүндүрүү иштери толук жүргүзүлүп, "Түндүк" программанын жардамы менен текшерилип кирешелери аныкталып, чегерилет. "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулду чектөөгө кайрылган үй-бүлөлөрдү текшерүү, даректүүлүгүн аныктоо үчүн жеринен текшерилип, дайындалат. Даректүүлүк боюнча атайын иш пландар бекитилген жана көрүнүктүү жайларга, айыл өкмөттөргө квартал сайын жөлөкпул алуучулардын тизмелери жарыяланып турат. Мындан сырткары, ай сайын төлөө бөлүмү менен биргеликте акт- сверка болуп турат.

Башкармалыктын буйругунун негизинде 2025-жылдын сентябрь айында "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпул алуучулардын жана башка социалдык төлөм алуучулардын өздүк китепчелерине инвентаризация өткөрүлүп, такталды.

## Акчалай компенсацияларды чектөө сектору

Жеңилдиктердин ордуна ай сайынкы акчалай компенсацияларды төлөө жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрдагы №795 жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 11-октябрь №211 токтомдорунун негизинде 2025-жылдын январь айынан баштап "Акчалай компенсация" алуучуларга жыл ичинде 1669 адамга 42997,9 миң сом, 2010-жылдын июнь окуяларында жабыр тарткан 7 жаранга 378,0 миң сом, 9-Май- Улуу Жеңиш күнүнө 165 оорук ардагерине 15100 сомдон берилди. "Социалдык жөлөкпул" алуучулардан 3320 адамга 247610,1 миң сом, баары болуп 5161 адамга 293477,5 миң сомдук акча каражаты тийиштүү иш кагаздарынын негизинде чектелип, республикалык бюджеттин эсебинен каржыланып, өздүк карталарына которулуп берилди.



2025-жылдын 31-декабрына карата район боюнча жалгыз бой кары-картаңдарга, ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген атуулдарга жана аз камсыз болгон үй -бүлөлөргө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджети тарабынан 4189 жардамга муктаж жарандарга 4.700.270 сом, (анын ичинен 1123 жаран ден соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген майыптарга жергиликтүү бюджет тарабынан 1484,826 сомдук, ал эми 782 улгайган жаранга 799200 сомдук ) жардамдар берилген. Ал эми райондун аймагындагы жеке ишкерлер, демөөрчүлөр тарабынан ар түрдүү категориядагы 1852 жаранга жана үй-бүлөлөргө 2.785.525 сомдук (азык–түлүк жана кийим кечелер ) жардамдар берилген. Андан тышкары, 2200 жардамга муктаж болгон жарандарга 236900 сомдук гуманитардык жардамдар берилген.



Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү, ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген атуулдарды ар тараптан колдоо максатында 2025-жылдын март айында "Абийир" Кайрымдуулук фонду тарабынан райондун аймагындагы 350 жаранга ар бирине 2795 сомдук, 58 кг. азык-түлүктөрү социалдык кызматкерлер тарабынан таркатылды.

"Кызыл жарым ай" коомдук фонду тарабынан аз камсыз, көп балалуу жардамга муктаж 10 үй-бүлөгө, ар бирине 2900 сомдук жалпысынан 290000 сомдук азык-түлүк түрүндө жардамдар берилди. 2025-жылдын 15-сентябрынан 2025-жылдын 15-октябрына чейин 1 айлык акция жарыяланган. Ушул иш-чаранын алкагында 2025-жылдын 1-октябрына карата" Карыялар күнүнө" карата улгайган жарандарга кам көрүү боюнча иш-чаралар өткөрүлдү. Улгайган жарандарды медициналык кароого, дары-дармектерин зарыл учурда үйүнө жеткирүү жана медициналык мекемеге коштоп баруу колго алынган. Жалгыз бой улгайган жарандар айылдык ФАПтарда каттоого алынып, жылына медициналык кароодон өткөрүү медицина кызматкерлери жана социалдык адистер менен биргеликте уюштурулуп турат. 2025-жыл 1-октябрь- Улгайган адамдардын күнүнө карата бир айлыктын алкагында Бел, Кеңеш айыл аймагынын социалдык кызматкерлери жана медициналык кызматкерлер менен медициналык кароо уюштурулуп, дары - дармектер берилди.

3 -декабрь- Майыптардын эл аралык күнүн өткөрүү боюнча райондун аймагындагы ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандарды ар тараптан колдоонун бир айлык акциясы боюнча 2025-жылдын 15-ноябрынан 15-декабрына чейин бир айлык жарыялоо жөнүндөгү Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын 17.11.2025-жылдагы № 14/298 буйругу аткарууга алынды. Ноокат райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын 19.11.2025-жылдагы № 05-02-3/58 буйругу чыгып, иш-чаралар планы иштелип чыкты. Бекитилген иш чаралардын негизинде Ноокат райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы райондун аймагындагы социалдык жактан колдоого муктаж ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын тизмеси такталды . Майыптарды колдоо максатында 43 ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын тизмеси мекеме-ишканаларга бекитилип берилди.

3-декабрь - "Майыптардын эл аралык күнүнө" карата Ноокат райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы, райондук мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте салтанаттуу иш –чара өткөрүштү.

2026-жылдын 1-январынан баштап бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын болгон зоналарда, өзгөчө статусу бар айрым чек арага чектеш аймактарда жайгашкан калктуу конуштарда жашаган жана 3 жашка чейинки балдары бар жарандарга кошумча мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө" КРнын мыйзамынын 5-беренесинин 5-бөлүгүнө, "КРнын Министрлер Кабинети жөнүндө" КРнын конституциялык мыйзамынын 13,17-беренелерине ылайык КРнын Министрлер Кабинетинин токтому чыкты. Токтомду иш жүзүнө ашыруу иштери жүргүзүлүп жатат.

**Б. Ысакова.**

# МЫРЗА-АКЕ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ӨНҮГҮҮ БАГЫТЫНДА

**Өлкөбүздө жүргүзүлүп жаткан ырааттуу реформалардын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу өзгөчө мааниге ээ болууда. Аймактарды туруктуу өнүктүрүү, калктын жашоо шартын жакшыртуу, социалдык жана экономикалык инфраструктураны чыңдоо – бүгүнкү күндүн башкы максаттарынын бири. Ушул багытта Өзгөн районундагы Мырза-Аке айыл өкмөтү да алгылыктуу иштерди жүзөгө ашырып, өнүгүүнүн ишенимдүү жолуна түшкөн аймактардын катарын толуктоодо.**



Талантбек уулу Руслан жетектеген Мырза-Аке айыл өкмөтүндө өткөн жылы экономикалык көрсөткүчтөрдүн өсүү темпи туруктуу сакталуу менен, пландалган милдеттер ашыгы менен аткарылды. Инфраструктураны жаңылоо, жолдорду асфальттоо, социалдык объектилерди куруу жана оңдоо, инвестиция тартуу, кайра жаралуучу энергия булактарын өнүктүрүү сыяктуу багыттарда ири иштер аткарылып, аймактын келечекке болгон ишенимин арттырды.

Бүгүнкү Мырза-Аке – билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт, айыл чарба жана ишкердик багытында ыраатттуу өнүгүп жаткан, калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүгө умтулган аймак. Айыл өкмөтүнүн демилгелери жана мамлекеттик колдоонун негизинде тургундардын турмуш шартын жакшыртуу, социалдык маселелерди чечүү, жаңы жумуш орундарын түзүү багыттарындагы иштер системалуу улантылууда.

## Аймак тууралуу жалпы маалымат

Өзгөн районундагы Мырза-Аке айыл өкмөтүнүн курамына Мырза-Аке, Адыр, Бабыр, Чечебай, Кандава, Таш-Башат, Алтын-Булак, Сасык-Булак, Кара-Баткак айылдары кирет. Жалпы 4485 кожолукта 23 647 жаран жашайт. Аймакта 8 жалпы билим берүү мектеби, 1 башталгыч мектеп, 1 сырттан окуу мектеби, 1 жатак мектеп, 15 бала бакча, 3 маданият үйү, 1 филармония, 3 китепкана, 1 аймактык оорукана жана 4 ФАП иш алып барат. Мындан сырткары 2 менчик жана 2 муниципалдык спорт аянтчалары, спорттук клубдар калкка кызмат көрсөтүүдө.





Талантбек уулу Руслан жетектеген айыл өкмөтүндө өткөн жылы экономиканын өсүү темпи туруктуу сакталуу менен негизги көрсөткүчтөр ашыгы менен аткарылды.

## Инфратүзүмдөр жана инвестициялар

2025-жылы айыл аймакта 9 км 235 м жол асфальтталып, 1 км жөө жүрүүчү тротуар курулду. Ички чарбалык жана жайыт жолдорунун 10 чакырымы оңдолду. Республикалык бюджеттин эсебинен 10 чакырым жолго асфальт төшөлүп, анын 6,5 чакырымы алыскы Алтын-Булак жана Кара-Баткак айылдарына туура келди.

Социалдык объектилердин курулушу жана жаңылануусу улантылды. Жаңы окуу корпустары, спорт комплекстери, кошумча имараттар пайдаланууга берилди. Мамат Нурбаев атындагы мектеп капиталдык оңдоодон өткөрүлдү. БУУнун азык-түлүк программасы аркылуу 40 аз камсыз болгон үй-бүлөгө жардам көрсөтүлдү.

## Турак жай саясаты жана ири долбоорлор

Аймакта турак жайга муктаж 3800дөн ашуун жаранга муниципалдык жер бөлүнүп берилди. "Менин үйүм" мамлекеттик программасынын алкагында 564 батирлүү көп кабаттуу турак жайдын курулушу жүрүп жатат. Бул максатта республикалык бюджеттен 1 миллиард сом бөлүнгөн.





Мырза-Аке, Кара-Шоро, Салам-Алик аймактарын тейлеген 60 койкалуу заманбап оорукана курулуп, пайдаланууга берилди. Бабыр айылына жаңы ФАП курулду.

## Билим берүү жана мектепке чейинки тарбия

Аймактагы бир катар бала бакчаларда капиталдык жана косметикалык оңдоо иштери жүргүзүлдү. Чатырлар алмаштырылып, тосмолор орнотулуп, түнкү жарыктандыруу киргизилди, балдар ойноочу аянтчалар салынды.

Республика боюнча пилоттук негизде "ваучердик" тайпа ишке киргизилип, 25 бала акысыз тарбия алууга мүмкүнчүлүк алды.

## Калкты тейлөө жана ишкердүүлүк

Айыл өкмөтүнүн аймагында 172 тейлөө объектиси иш жүргүзөт. Өндүрүш, соода, тейлөө, кайра иштетүү тармактары өнүгүүдө. Жеке ишкер тарабынан "Глобус" соода борбору ачылып, жаңы жумуш орундары түзүлдү.

## Айыл чарбасы жана мал чарбасы

Аймакта 5658 гектар айыл чарба жери бар. Малдын саны өсүп, асылдуулугун арттыруу багытында иштер жүргүзүлүүдө. Малдарды эмдөө, идентификациялоо, чип басуу иштери ырааттуу жүрүүдө.

Айыл аймактагы Ак-Турпак, Моңол, Эргеш, Кайырма, Ак-Жар, Сай-Арык каналдары жана Обком, Коммунист айылдарындагы ички арыктар казып тазаланды, ирригациялык системалар оңдолду.

Бүгүнкү күндө деградацияга учураган жайыттарды калыбына келтирүү иш аракеттери жүргүзүлүп жатат. Бабыр, Алтын-Булак, Калпак, Кандава, Ак-Кыя, Адыр айылынын ички жайыттарынын кунарсыз жерлерине 1430 кг ар түрдүү чөптөрдүн үрөндөрү себилүүдө.

## Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу

Жазы дайрасынын жээгин бекемдөө максатында 300 метр дамба курулду. Бабыр айылында габион торлор орнотулуп, коопту аймактар бекемделди.

## Кайра жаралуучу энергия жана санарип башкаруу

Түркиялык инвесторлор менен биргеликте күн панелдерин орнотуу долбоору башталды. Долбоорго пилоттук негизде Мырза-Аке аймагындагы Калмурзаев атындагы жалпы билим берүү мектеби биринчи объект катары сунушталды. Пилоттук негизде мектепке орнотулган панелдер ийгиликтүү ишке ашса, башка социалдык объектилерге жайылтылат. Документ жүгүртүү "InfoDocs" электрондук системасы аркылуу жүргүзүлүүдө. Өткөн жылы жүздөгөн токтом, тескеме, буйруктар кабыл алынып, аткаруучулук тартип күчөтүлдү.


## Маданият жана руханий өнүгүү

Мамат Оморов атындагы элдик филармония жаңыланып, таланттуу инсандын 90 жылдык маарекеси белгиленди. Бул иш-чара аймактын маданий турмушунда маанилүү окуя болду. Мырза-Аке айыл өкмөтүндө 2025-жылы социалдык, экономикалык жана инфраструктуралык багыттарда олуттуу иштер аткарылды. Калктын жашоо шартын жакшыртуу, инвестиция тартуу, айыл чарбасын өнүктүрүү жана заманбап башкаруу системасын киргизүү боюнча иштер мындан ары да улантылат.

**А.МАТИЕВА.**

# АТАНЫН УУЛУ БОЛУУ – УРМАТ, АТЫН ДАҢКТОО – МИЛДЕТ!

**"Ата – аска зоо, эне – боорундагы булак, бала – ортосунда күйүп турган шам чырак" дейт кыргыз эли. Тоодой тирек, булактай мээрим берген ата-эне тууралуу сөз кылуу – ар бир перзент үчүн ыйык парз. Ошондуктан мен азыр атам тууралуу эки ооз сөз айткым келди.**



## Эмгектен баар тапкан өмүр

Атам Шарабидин Аттокуров Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн Түшүнүк айылында 1937-жылы туулган. Карапайым үй-бүлөдө чоңойгон атам көп жылдар бою совхоздо үзүрлүү эмгектенип, болгону 7-класстык билимине карабай, тажрыйбасы, эмгекчилдиги менен башкарма деңгээлине чейин жеткен адам болгон.

Башкаларга салыштырмалуу дөөлөттүү, ыйман-ынсаптуу, боорукер киши эле. Боорукер дегенимдин себеби атамдар 2 кыз, 3 уул болушкан. Агасы эрте өтүп кеткен. 5 жашында атасынан айрылып, турмуштун нак запкысын баштан өткөргөн. Ошондон улам болсо керек, кийинчерээк бутка туруп, бардар жашоо кечире баштаганда айылдагы кедей-кембагалдарга, колунда жок тууган-урукка, жетим-жесирлерге, медреседе окугандарга жардам берип келген киши болду. Өзү молдолордун уругунан болгондуктан 5 убак намазын да калтырбастан окуп жүрдү.

Убагында Кыргыз Республикасынын Президенти болгон Сооронбай Жээнбеков биздин Ульянов совхозуна башкарма болуп барганда атам зоотехник болуп иштеп турган. Келечектеги журт башчысы болоор жигит менен убагында бирге кызматташып, бир коллективде иштешкен. Атам мал чарбачылыгын мыкты билген адис катары Жээнбековго көптөгөн пайдалуу кеңештерин берип, жооптуу мезгилдерде өз тажрыйбасын бөлүшүп турган.

## Атанын деми – баланын багыты

90-жылдары жогорку окуу жайды аяктаганымда "илимдүү-билимдүү бол, балам, окуш керек, үй-жайыңа мен каралашам",-деп айткандары күнү бүгүнкүдөй эсимде. Ошондон болсо керек, кийин мен аспирантурага тапшырып, билим берүү тармагында иштеп, илим жактаганым сыяктуу турмушумдун жакшы жакка өзгөрүшүнө атамдын салымы ат көтөргүс десем жаңылышпайм. Муну эл-журт, тууган-уруктун баары билет.

Мен уулдардын чоңумун. Биз 10 бир тууган болсок, алардын экөөсү гана жогорку окуу жайына окуган жок. Бирок, атамдын колдоосу менен калгандары баары жогорку билимдүү болушту. Анткен менен окубай калган эң чоң эжем жана эң кичүү иним деле бүгүнкү күндө өзүнө тың, элден кем эмес жашап жатышат.

Атам жашоонун жеңилин издеген адам эмес эле. Жылкычы болуп жүргөн кезинде таң заардан атка минип алып, Ири-Суу жайлоосунан кымыз артып, Өзгөнгө алып барып сатып, тапкан акчасына үй-бүлөсүнө азык-түлүк ташып, балдарын багып-өстүргөн күндөрүн эскерип калчу. "Саргара жортсоң, кызара бүртөсүң" деген накыл сөздү ал сөз менен эмес, иш-аракети менен далилдеген.

Балдарын да эмгекке кичинесинен тарбиялап, "Эмгексиз ийгилик болбойт" деп көп эскертип, багыт берип, көзөмөлдөп турчу. Ошол себептен бизди кичинебизден тартып эле эмгекке тарбиялады. Эмгек кылсаң гана турмушта жакшы ийгиликтерге жетесиң деп көп жолу эскертип, багыт берчү, текшерип турчу. Математиканы дагы жакшы билээр эле, ушул мезгилге чейин көбөйтүүнүн таблицасын, сандарды кошуп, кемитип бөлгөндү, окуучулар эмес, студенттерден да жакшы билчү.

## Эл эсиндеги эмгек жол

Атам тууралуу айылдаштары, бирге иштеген кесиптештери, замандаштары бүгүнкү күнгө чейин жылуу сөздөрүн айтып, эскерүүлөрүн бөлүшүп келишет. Алар үчүн атам жөнөкөй эле адам эмес, адамкерчилиги менен айырмаланган, сөзү менен да, иши менен да үлгү болгон инсан. Кайсы жерде болбосун, адилеттикти туу тутуп, адамга адам катары мамиле кылганын эскеришет.

Бирге иштегендер анын эмгекке болгон жоопкерчилигин, иштин майда-чүйдөсүнө чейин көңүл бурган тактыгын өзгөчө белгилешет. Кыйын учурларда шашпай, салмактуу ой жүгүртүп, маселени чечүүнүн туура жолун тапканын айтышат. Анын кеңеши жаштар үчүн сабак болсо, улуулар үчүн ишеним болгон.

Айылдаштары болсо атамдын адамдык сапаттарын жогору баалашат. Кайрымдуу, жардамга дайым даяр, эч кимдин көңүлүн калтырбоого аракет кылган мүнөзү менен элдин эсинде калды. Бул — өмүр бою таза жүрүп, элге жакшылык кылган адамга берилген эң чыныгы баа деп билебиз.

## Дипломсуз билимдүү эле

Ал болгону 7-классты аяктаган. Үй-бүлөлүк шартына байланыштуу жогорку окуу жайда окуй албай калган. Бирок, "Окубаган – билбейт" деген сөз ага тиешелүү эмес болчу. Табигый акыл, турмуштук тажрыйба, эмгекчил мүнөз аны айылдагы жетекчилик кызматтарга чейин жеткирди. Ал көптү көргөн, көптү билген, элди эмгекке үндөгөн үлгүлүү инсан катары журт эсинде калды.

Бизге атабыз убагында туура жол көрсөтүп, татыктуу тарбия бергендигинен ар бирибиз турмушта өз жолубузду таап, ушундай даражага жетишип олтурабыз десем жаңылышпаймын.

Атамдын жайы жаннатан болсун, Кудайым ага бейиштин төрүнөн орун берсин!



**Аттокуров Курсантбек Шарабидинович, ОшМУнун Тышкы байланыштар боюнча проректору, б.и.к., доцент.**

## Сайипбидин Эшатов, күйөө баласы



Кайнатамды жаш кезимден бери билем десем болот. Биз окуучу мезгилибизде айылдын бригадири, Ульянов совхозунун № 4 бөлүмүнүн биринчи бригадасынын бригадири болуп иштеп жүргөн мезгилинен бери жакшы билем. Кийин биз 1978-жылы мектепти бүтүп, окууга кеттик. Окуу жайды аяктап келсек, ал киши Ульянов атындагы савхоздун №4 бөлүмүнүн зоотехниги болуп эмгектенип аткан экен. Мен совхоздун №4 бөлүмүнө 1984-жылы келип, аны менен бирге иштеп калдым. Ал өз ишине аябай так, тыкан болуп, отчетун мыкты жасачу. Ушундай сапаттарынан улам болсо керек, бул бөлүмдө 1989-жылдан 1992-жылга чейин башкарма кызматын да аркалады. 1992-жылы союз ыдыраганда, мал-мүлктү элге так, туура бөлүштүрүп бергенин жакшы билебиз.

2005-жылы мусулмандардын бир парзы болгон чоң ажылык сапарга барып "ажы" статусун айылда биринчилерден болуп алды.

## Сейдалиев Нурали Мансурович, айылдашы



Мен Шарабидин аксакалды бала кезимден бери жакшы билем. Ал 1973-жылдан 1978-жылга чейин табелчи, 1978-1983-жылдары бригадир, 1983-1987-жылдары зоотехник, 1992-жылга чейин башкарма болуп эмгектенген. Ошол учурда элге татыктуу кызмат кылган, үзүрлүү эмгегинин натыйжасында элдин сый-урматына ээ болгон. Шарабидин аксакал жеке жашоосун да татыктуу алып кете алган. Ал 5 уул, 5 кызга татыктуу тарбия берип, алардын билимдүү, илимдүү болушуна шарт түзгөн. Анын үй-бүлөсү айылда үлгүлүү үй-бүлөлөрдүн катарына кирет. Шарабидин ажы адамдарга болгон жекече мамилеси, тазалыгы, чынчылдыгы, акылмандыгы, насааткөйлүгү, адамгерчилиги менен алдыңкы кадырлуу аксакалдардын катарына кире алды. Анын жаркын элеси элдин эсинде түбөлүк сакталат.

## Кармышаков Абдылдабек Мырзабекович, кесиптеши

Мен 1983-жылы СССРдин 50 жылдык атындагы Кыргыз мамлекеттик (азыр Ж.Баласагын атындагы Улуттук университети болуп калды) университетиндеги Экономика факультетинен айыл чарба бухгалтери деген адистигин бүтүп келип, ошол эле жылы Ульянов совхозунда бухгалтер болуп иштеп калдым.

Шарабидин Аттокуров (Шакен аке) менен кесиптеш катары ошол жерде жумушубуз башталды. Биздин совхоз районубуздагы эң чоң совхоздордун бири болчу. Биз иштеп турган убакта койдун башы 40-45 миңге чейин жеткен.

Ал жылдары Кара-Кулжа районунда 6 совхоз, 4 колхоз жана 1 госпесхоз бар эле. Алардын эң чоңу Ульянов кой багытындагы совхоз болгон. Совхоздун кой багытында 4 бөлүм бар эле, ошол № 4 Түшүнүк зонасында Шакен аке башкы зоотехник болуп иштеген. Ар айда директор, башкы зоотехник, ветврач жана бухгалтер болуп районго отчет берүүгө барчубуз. Отчеттон кийин бухгалтер 24-форма (мал чарба отчету боюнча) статка тапшырабыз. Отчет бүткүчө эч бир зоотехник кетпейт, анткени өзгөрүүлөр болуп калышы мүмкүн эле. Эгерде койдон



көбүрөөк өлгөн болсо, анын баарын чыгашага чыгара берчү эмес, кыскартып, кайрадан түзүлчү.

Ошол маалда Шакен акенин эсепке ушунчалык так адам экендиги айкын көрүнгөн. Ал кезде калькулятор жок болгондуктан, "контор счёт" менен иштешчү. Түзгөн отчеттору бир том китептей болуп, бир да ката кетирбей, тыкан жазып, ишин мыкты билген адис катары бааланган. Зоотехниктин иши абдан жоопкерчиликтүү жана эмгекти талап кылган кесип да. Мал чарбачылыгында күз айларында куут (уруктандыруу) башталып, таң атпай иш башталчу. Андан кийин туут (төлдөтүү) мезгили келип, кышкы төл февралда, жазгы төл марттын башында башталчу. Бул иштер өзгөчө кылдаттыкты жана жоопкерчиликти талап кылчу. Төлдүн акысы, отчет түзүү өтө маанилүү болгон. Андан соң кыркым башталып, койдун жүнү да абдан кымбат бааланчу. Жүн Токмок шаарындагы ПОШ (жүндү кайра иштетүүчү жай) мекемесине тапшырылчу. Андан кийин жайлоого айдашчу.

Ошол маалда жайыттар жетишпей, чабандарды алыскы Өзгөн районундагы Кара-Шоро жайлоосуна чейин жеткиришчү. Шакен аке зоотехник катары чарбанын бардык иштерине түздөн-түз катышып, жоопкерчиликтүү милдеттерди аркалаган. Бул кесип күнү-түнү тынымсыз эмгекти талап кылгандыктан, Шарабидин ажы ар дайым чарбанын жүрөгүндө болуп, мал чарбачылыгын ар бир баскычында өз салымын кошкон.

Жакшы кишинин үй-бүлөсүнөн жакшы балдар, кыздар тарбияланып чыгат экен. Кыздары мектептерде мугалим болуп жакшы иштеп жүрүштү. Балдарынын алды илим жактап, илимдин кандидаттыгына чейин жетти. Башка уул-кыздары да өз орундарын таап, бактылуу турмуш кечирип келишет.

Ой чабыт

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

**(башталышы мурунку санда)**

Андан кийин да Ош шаарында иштеп жүргөн жылдарымда агабыз менен жолугушуп турдум. 1991-жылы бир жолку жолугушууда "Облустук кеңешке депутат болуп шайландым" деп калды, бул сүйүнүчтүү кабарды да "өзгөчө майрамдаганбыз".

1994-жылы март айында базардын ичинде Сатар деген досум экөөбүз жүрсөк жолугуп калды да, кечке дейре аны менен чогуу болдук. Ичпей жүргөн учуру экен, бизди колунан келгенче "сыйлап" жүрдү. Демейде өзү жөнүндө, оорусу тууралуу сөз кылганды жактырбачу, бул жолу "ден соолугу анча болбой жатканын, врачтар чүкүрү же деп жатышат, чүкүрү чыкканда менин машинам менен Советке барып келбейлиби. Мына ошондо сени менен кенен сүйлөшүүгө убакыт табылат" - деп калды. Мен ага чейин "сиз жөнүндө жазайын дедим эле" деп айтсам, «Макул» деген болчу. Турмуш ушундай экен, алдыда эмне болорун биле бербейт экенбиз, ана-мына деп жүрүп убакыттан уттурup, анын айтканын аткара албадым. Ошол жолугушуу акыркы жолу болгон экен. Дүйнөдөн өткөндө мен Жалал-Абадда болуп, топурак сала албай калдым. Мени өкүндүргөнү ошол.

«Күлүктөн күлүк чыкса, төрт аягы тыбырайт" демекчи, акыйкат кепти айтып коюубуз керек, тарыхта ар кимдин өз орду бар. 2003-жылы районду аким А.Эгембердиев, айыл өкмөттү Жумаев Матазим жетектеп турган убакта, алардын катышуусу менен айылда элдик жыйын өткөн, анын токтомунун негизинде, айыл өкмөттүн атын "Рыспай Абдыкадыров атындагы айыл өкмөтү" деп атоо боюнча Сары-Булак айыылдык кеңешинин депутаттарынын чечими чыгып, аны бекитип берүү жагы, Кара-Кулжа районунун Кара-Кулжа райондук кеңешинен суралып, кат жөнөтүлгөн. Бирок, бул маселе кимдир-бирөөнүн шалаакылыгынан өз убагында каралбай, көз жаздымда калып кеткен. Ошол убакта, дагы бир районубуздун белгилүү адамдарынын бири Бүргөбаев Болотбек агабыз дүйнөдөн өтүп, анын атын да айыл өкмөткө берүү боюнча айыл өкмөтүнүн бир топ атуулдарынан арыз түшүп, талаштуу маселе жаралгандыктан, айыл өкмөткө ат коюу маселеси токтоп калган. Айта кетчү нерсе, Жумаев Матазимге, "Б. Бүргөбаевдин атын айыл өкмөткө бербедин" деп жакын туугаты таарынып, бир топ жылдары аны менен сүйлөшпөй жүрдү. Экинчи жагынан бүткүл өлкө боюнча ушундай ат коюуда талаштар көп орун алгандыктан, белгилүү адамдардын ысымын бир жерге ыйгаруууга бир топ жылдарга мароторий жарыяланган эле.

Мен жогорку окуу жайын бүтүрүп келгенден кийин, 1986-жылы октябрь айында Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумга мугалим болуп орноштум. Ал Жалал-Абад шаарынын Спутник кичи районунда жайгашып, мал чарба багытындагы түштүктөгү жападан жалгыз окуу жайы болуп, окуучулардын курамдык составы кучтүү келип, илимдин кандидаттары да эмгектенген орто окуу жайларынын ичинен флагман катары кызмат өтөгөн окуу жайлардын бири эле. Жаш адис катары мага студенттик жатакананын биринчи кабатынан орун беришти, мына ошол жерде Жаңы-Жол (Аксы) районунун Ульянов атындагы колхозунан бир жигит менен чогуу жашап калдык. "Биздин чарба экономикалык жактан артта калган чарба болчу. Сиздин жердешиңиз башкарма болуп келип, күндөп, түндөп иштеп, аны кубаттуу, миллионер алдыңкы чарбалардын катарына кошту"- деп айтып калар эле. Болотбек Бүргөбаевдин атын алгач мына ошол жерде уккан болчумун. Кийинчерээк Совет районунда (Кара-Кулжа) 1992-жылы райондун акими Орозбек Акимбаевдин демилгеси менен Кара-Кулжалыктардын тою болуп, ага бүтүндөй Кыргызстандын төрт тарабынан ар түрдүү тармактарда эмгектенген жердештерибиз чогулуп, эки күндүк иш-чара өткөн эле. Мына ушул иш-чаранын жүрүшүндө райондун жетекчисинин биринчи орун басары катары уюштуруу иштери менен алектенип жүргөн жеринен бул киши менен таанышып калдым. Кийинки жылдары республикабыздын бир топ райондорунда жетекчи катары жигердүү эмгек өтөп, өзүнүн уюштуруучулугу, чечкиндүүлүгү, иштин көзүн билгендиги жана натыйжа чыгара билүүсү менен айырмаланып, алардын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнө татыктуу салым кошкон. Айыл өкмөттүн атын атоого татыктуу адамдардын бири эле. Бирок, кандайдыр бир тандоого шарт түзүлүп, алар тирүү кезинде сурамжылоого мүмкүнчүлүк боло турган болсо, албетте, Б.Бүргөбаев агабыз да жергебиздин патриоту катары, менимче, Р.Абдыкадыровду тандамак деп ойлойм.

Мен ушул макаланы жазып бүтөйүн деп калган учурда сүйүнүчтүү кабар уктум. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Кыргыз Республикасынын 5 облустарындагы калк жашаган пункттарды кайрадан атоону жактырып, алардын ичинде Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Сары-Булак айылдык аймагын Рыспай Абдыкадыров айылдык аймагы деп атоо да каралган. Эми бул чечим мыйзам түрүндө 2025-жылдын 22-январында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кол коюлуп, күчүнө кирди, башкача айтканда Кыргыз Республикасынын 5 облустарындагы бир нече калк жашаган пункттарды жана айыл аймактарын кайрадан атоону мыйзам түрүндө бекитип берди. Эми бул тарыхий чечим үчүн Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаровго жана бул документти даярдоодо кызматы сиңген азаматтарыбызга чоң ыракматыбызды айтып, Кара-Кулжа эли, жалпы эле музыка сүйүүчүлөр таазим кылабыз!

Өткөн кылымдын элүү-алтымышынчы жылдары кыргыз искусствосу үчүн Кайра Жаралуунун жылдары болду окшойт. Анткени, жазма адабиятта А.Токомбаев, Т.Үмөталиев, Т.Сыдыкбеков, А.Осмонов, С.Жусуев, С.Эралиев баштаган көчтү улай Ч.Айтматов кыргыз адабиятын дүйнөлүк деңгээлге көтөрсө, кыргыздын ырчылык-обончулук маданиятында А.Огомбаев, М.Баетов, А.Айталиев, Ж.Шералиевдерден кийин Р.Абдыкадыровдун жылдызы өзгөчө бөлүнүп, балбылдап жанып тургандыгы баардыгыбызга маалым.

Азыр "шоу-бизнестин" мезгили. Эмне көп, ырчылар көп. Алардын арааны жүрүп, байып жатып калышты. "Аш - той көп болсо, каада көп" дегендей, тойлор, майрамдар көбөйгөн сайын ырчыларга болгон муктаждык жогорулап, алардын баалары да талантына жараша ай чапчып, жөн ырдабай калышты. Эгерде залкар агабыз азыр төрөлгөн болсо, эмне болмок деп ойлойм. Мүмкүн азыркы ырчылардай болуп байыйт беле, же шедевр чыгармаларын жаратып, кайрымдуулук фондун түзүп, жетим-жесирлерге, муктаж адамдарга тапкан байлыктарын таратып, соопчулук иштерин аркалайт беле. Балким... Агабыз көр-дүйнөнүн кулу болгон эмес, тапканын дароо таратып жиберчү.

**(уландысы кийинки санда)**

**Калил Орозалиев.**

# ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ...

**(башталышы мурунку сандарда)**

Совет өлкөсү жер силкинткен кубаттуулука көтөрүлгөн тээ өткөн кылымдын жетимишинчи жылдары бизге окшогон муундун жүрөгүндө бапестелип сакталганына ынанууга болот. Канткен менен эл турмушу жетилген учур эле. Айылдар тегиз маданиятташтырылып, алыскы тоолордун тунгуюгунда жайгашкан кыштоолорго чейин жандуу бейпил салтанаттуу кубулдөгөн жашоо жалыны каптаганын азыр ойлоно сагынгандай кусалык каңылжаар көмөкөйүңдө сезим ойготкону ойготкон. Канткен менен дагы эле согуш тагы кетпегендиктин белгилери биздин ошол учурдагы муун болгон уулуулардын жан дүйнөсүндө кытылыган өкүттүү кайгы сүзүлгөн согуштун каардуу тагы дагы эле бар экендиги эл арасында байкалчуудай сезилчү. Бул ойлор Оморбектин аскерден өргүүгө келгендеги жоругунан улам жан ойготкондой болду окшойт. Айлана тегеректеги коңшулаш туугандар Тойтон аванын үйүнө агыла келе баштады. Оморбектин колтугунан кучакталган көңүл коштоочулардын ыйынан улам аза күтүү деминин сүрдүү ый жоктоо авазы Ак-Колоттун коюн колтугун жаңырата сиңгендей сезилгенсиди. Баарынан да аза күтүү адам санаасында жан дүйнөңдү жапаланткандай санааркатканы пенденин сан сөөгүн сыздатканын ар бирибиз жалгыздыкта таасирин алат окшойбуз го...

Төрт көчөдөгү төртөөбүздүн жолуккандагы жоруктарыбыздан улам жалгыздык жашоону моюндаган сыяктуу жогорудагыдай көрүнүштөр ой толгоолуу жан дүйнөңдү кытыгылай кылт эте келе берет окшойт.

Шаанykan эженин тамак жайынан чыккан соң кайрадан эле төрт көчөгө кептелебиз. Оморбек алдыда. Эки колун жан капталындагы казактар айтмакчы калтасына ныгыра батырат да аркасын карай эки жакка аңтара, - менде эч нерсе калбаган окшойт. Канчалык аркамдан калбай, эрмектесеңер деле менден пайда жок. Эми кезек силерде го дейм... Кыраан катkы күлкүгө төртөөбүз тең маашырлана батабыз.

Төрт көчө көп адамдарга тагдырлаш болгондуктан ары бери өткөндөрдүн кыймылы сээлдей бербейт. Тааныган тууугандар менен төртөөбүз ичтеги ала күүдөн улам бажоо учурашмайыбыз бар. Байкагандар, Ой! Төртөөнөр дагы кездешип калгансыңар го. Бүгүн майрам окшойт силерге деген ынтаа сөзүн өктөм айтып өткөндөр да болот. Мен, Калдыбай, Абдимитал, бизден алдын кол алышкан Оморбектен кийин кол алышып калабыз. Оморбек ошондо да бою башын кере дене боюн түздөгөн болот. Анан үчөөбүз анын кыймылына суктанабыз.

Калдыбай мага кайрылат. Мени жакшы санаалаштанбы Төкө деп коёт. Кулагыма жакын моюн созо Оморду дагы бирге сындырбайсыңбы дейт. Мындайды сезип калган Абдимитал көз кыйыгынан арта бирин-серин чыккан мурутунун алдында жылмая Калдыбайдын көтөргөн сунушун колдогондой эки капталымда туруп калышат. Оморбектин ошол учурдагы кебете кешпиринен өзгөчөлөнгөн көрүнүштөрдү байкоо кыйын эмес эле. Ал терчил болгондуктан кышы жайы тер жүзүнөн нымшыгандай сезиле турган. Дайыма бизге өктөм. Тамаша чынга сала сүйлөгөндө мунун баары баамдалат болчу. Анан "Жакшы сөз, жыланды ийнинен чыгарат" дегендей Оморбек да мактоонун кулу эле. Ошондон мактоо кимге жакпасын анын келбетине карай талылуу сөздөрдү багыттоого менин да устачылыгым боло турган.

Төртөөбүз ала күүдөн басаңдаган соң Абдимитал менен Калдыбайдын коштоосунда мен Оморбекти алымдын жетишинче мактаганга өтөм. Ал угуп турса да, билмексенге сала айлана тегереке көз чаптыргандай маңызда бир нерсе деп жатасыңбы? дегендей бизге жалт карайт. Анын келбети өзүнчө эле магдыроо. Жашоодогу кыраандыгын көрсөткөндөй тулку боюнда тирүүлүктүн аёосуз чендери сүрөткө сүртүп бүтпөөчүдөй келбетинде жагымдуулуктун белгилери сезилип турганысыт. Ушул учурда Оморбекти мактагандан башка арга жок болчу. Төртөөбүз бири-бирибизден сыр жашырчу эмеспиз. Ушунча болуп калды "Жолборс жолунан кайтпайт" деген Оморбектин сүйүктүү сөзүнөн башттап мактап калдык. Ошондо өзүнө келгендей дагы эмне дегени турасыңар деп ал маселени кабыргасынан койду. Ошондо биздин асмандан издегениbiз жерден табылгандай коштоого ала бири-бирибизди нукулай Шаанykan эженин ашканасына кайталап киргенди таризде дик. Анын шар экенин өзүнө жараша март экенин жакшы билчүүбүз.

Ал бизге карай нымшыган жүзүнө баштaшкан чачын бир силккен болду да, аз саам болгон убакыттан соң олтурган жерибизге кайра кирдик.

Оморбек тирикмейлигин койбой Шаанykan эжеге өктөмдүү түрдө жанагындай кайталаңыз деди. Биз анын кылык жоругуна кызуу маашырлана кебин коштодук. Бүгүн Оморбектин калтасы калың окшойт. Силерге алынын жетишинче ээрий турган түрү бар го... деди Шаанykan эже. Оморбек айтылган сөздү оозон жулуп алгандай, Шаанykan Көчкөнбаевна! Биздe качан жок деп уктуңуз эле. Мындай товарищтерден, тем более сиздей эжебиз турганда мен, Төштүк экөөбүз эч качан жок дебейбиз деди. Жаныбызда турган Калдыбай менен Абдимитал айтылган сөздөргө макулдангансып гүлмүңдөгөн көздөрүндө бизге деген сыйкырдуу сөздөрүнүн маңыздарында данек бар экен дегендей тариз келтирип турушту.

Төртөөбүздүн ортобузга Оморбек айткандай буюртма келет. Калдыбай эл аралаган таланты бар кыялданганды жакшы көргөн инсан. Ал дайым олтурчу "Кыргыз үй" ашканасынын шыбын тегерете карай суктанганы ой сезимде кайдадыр тупкүргө сапар алган жолоочудай сезилип кетет. Анын өзүнчө жашоо таанымында өзгөчөлүктөр бар жактары мол болчу. Ошондон дайым шатыра шатман ичинде кири жоктугу сезилчүү. Анан атасынын аты Тамаша эле. Көпчүлүк тели теңтуштары Калдыбайды "Шуткинов" деп айта турган. Ошондогу саамга созулган тынчтыкты дарбадар жүрчү Ысмайылдын салам айтып кирип келгени бузуп жиберди. Ортолуктагы пеш столдун оң капталында төрдө олтурган Омарбек орундуктан шайдоот тура Ысмайылга канатын жая тосуп алды. Андан да баарыбыз бири-бирибиздин жаныбыз эле бөлөк болбосо бир суунун суусун ичкен, бир жердин жайын жайлаган ынактардан-быз. Жашыра турган, талаша турган кымындай да эч күпүрүбүз жок. Ысмайылдын келиши менен олтурган дасторконубуздун шааниси чыга түшөт. Омор бул көрүнүштү андан бетер эки колунун алаканын чапкылап Ысмайылдын ысымына жараша колдоо көрсөтөт. Баарыбыздын пейлибиз бирдейлигине таң калабыз. Көрсө телитеңтушчулуктагы көз карашыбыз бирдей тура. Ошондон пенде баласы беш күнчүлүк жашоодо кадырыңды капка сал деген сөздөн маңыздантат бейм. Төрт көчөдө төртөөбүз Ысмайылдын келиши менен бешөөбүз болдук. Бирок төртөбүздүн калган теңтуштардан өзгөчөлүгүбүздүн тамыры башка. Биз энеден жарыкчылыка келген күндөн табият таанымыбыз төртөөбүздүкү төп келишкен.

**(уландысы кийинки санда)**

**М. Жуманазаров.**

## Ижарага берилет

Кара-Кулжа райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан айыл чарба кооперативдеринин, үрөнчүлүк жана асыл тукум чарбалары үчүн Кара-Кочкор айыл аймагындагы Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин жалпы аянтынын 50 пайызын тоорук өткөрүү үчүн мамлекеттик фондунун төмөндөгү жерлер тоорук аркылуу ижарга берилет. (Ведомстволор аралык комиссиянын отурумун өткөрүү датасы "Ош жаңырыгы" гезити чыккан күндөн тартып башталат)

Жаңы-Талап айылынан

1. Өзгөн жолунун бою участогунан №118 контур, сугат айдоо-8,8 га
2. Чоң-Гоо участогунан №114 контур,кайрак айдоо-2,20 га
3. Долдой-Гоо участогунан №188 контур,-кайрак айдоо-3,10 га

Жийде айылынан

1. №222 контур,кайрак айдоо-5,1 га
2. №273 контур,бак-7,8 га

Тоготой айылынан

№358 контур, кайрак айдоо-4 га

Октябрь айылынан

1. №79 контур,сугат айдоо-6,3 га
2. №81 контур,сугат айдоо-8,0
3. №93 контур,сугат айдоо-1,2 га
4. №96 контур,сугат айдоо-4,4 га
5. №98 контур,сугат айдоо-3,2 га
6. №99 контур,сугат айдоо-1,9 га
7. №103 контур,сугат айдоо-2,0 га
8. №117 контур,сугат айдоо-12,05 га
9. №102 контур,сугат айдоо-3,30 га
10. №116 контур,сугат айдоо-3,0 га
11. №146 контур,сугат айдоо-6,55 га
12. №42 контур,сугат айдоо-4,1 га
13. №14 контур,сугат айдоо-5,0 га
14. №24 контур,сугат айдоо-2,8 га
15. №75 контур,сугат айдоо-0,9 га
16. №89 контур,кайрак айдоо-1,2 га
17. №140 контур,кайрак айдоо-1,8 га
18. №48 контур,кайрак айдоо-2,6 га
19. №47 контур,кайрак айдоо-2,5 га
20. №41 контур,кайрак айдоо-3,4 га
21. №26 контур,кайрак айдоо-3,2 га
22. №40 контур,чоп чабынды-3,7 га
23. №25 контур,чоп чабынды-3,3 га
24. №10 контур,чоп чабынды-0,8 га

Кошумча маалыматтарды алуу үчүн Кара-Кулжа райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын жетектөөчү адиси К.Алимбековго кайрылыңыздар. Байланыш телефону (0774) 583808.

## Жараксыз деп табылсын

Жеке ишкер Адыкалыкова Нурайымга тиешелүү болгон мөөр (печать) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Кыргыз-Өзбек Университети тарабынан 2005-жылдын 20-июнундагы чечими менен Рахимов Дилмурод Раимовичке берилген диплом № СД 051029167 болгон каттоо № 1528 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Мамлекеттик салык кызматынын Кара-Суу райондук башкармалыгы тарабынан жеке ишкер Шакирова Айсалкинге берилген (ИНН 12403197800236) мамлекеттик каттоо күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Мамлекеттик салык кызматынын Кара-Суу райондук башкармалыгы тарабынан Мамашов Маданбек Авазовичке берилген (ИНН 21011197010087) мамлекеттик каттоо күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Сынак

Жоош айыл өкмөтүнүн Кум-Арык айылындагы МТФ участкасынын № 102 контурунда жайгашкан жалпысы 1,9 га. муниципалдык жер аянтынын ( идент. коду: 5-04-05-1001-0790) анын ичинен 0, 13 га. жер аянты ачык сынак аркылуу ижарага берилет. Сынак гезит чыккан күндөн тартып 30 күндөн кийин өткөрүлөт. Сынактын өткөрүлүүчү жайы Жоош айыл өкмөтү, Кум-Арык айылы, К. Адышев көчөсү №6. Байланыш номери: +996556 949-193

## Сынак

Жоош айыл өкмөтүнүн Кум-Арык айылындагы МТФ участкасынын № 102 контурунда жайгашкан жалпысы 1,25 га. муниципалдык жер аянтынын (идент. коду: 5-04-05-1001-0917) анын ичинен 0, 80 га. жер аянты ачык сынак аркылуу ижарага берилет. Сынак гезит чыккан күндөн тартып 30 күндөн кийин өткөрүлөт. Сынактын өткөрүлүүчү жайы Жоош айыл өкмөтү, Кум-Арык айылы, К. Адышев көчөсү №6. Байланыш номери: +996556 949-193.

## Сынак

Ноокат токой чарбасы мамлекеттик токой фондусунун жерлерин ижарага берүүгө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.04.2018-ж. № 192 токтомунун талаптарына ылайык төмөндөгү жер аянттына сынак жарыялайт.

Абшыр-Ата токой бөлүмү

| № пор | Конкурска коюлган жери. | Пайдалануу максаты | № лот | Кв. выд. | Аянты, га |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Абшыр-Сай кыдырмасы | Туризм, дем алуу зонасын уюштуруу | №1 | Кварталы- 17 6, 26 - бөлүкчөсү | 2,0 |

Сынактык сунуштарды кабыл алуу, жарыя чыккан күндөн тартып бир айдын ичинде төмөнкү дарек боюнча жүргүзүлөт.

Көк-Жар айыл өкмөтү, Жийде айылы, Ноокат токой чарбасынын административдик имараты.

Сурап билүү үчүн байланыш телефону: 0558 565 745, 0778 702 980

Сынак 2026-ж. 16-март күнү саат 14.00 өткөрүлөт.

## Собрание акционеров

ОАО «Ак-Алтын» объявляет о проведении общего собрания акционеров, которое состоится 10 марта в 14-00 часов по адресу: г.Карасу, ул.Г.Айтиева, 24

Доверенным лицам иметь при себе доверенность, заверенную в нотариусе.

Повестка дня:

1.Выборы счетной комиссии
2.Отчет правления о финансово-хозяйственной деятельности за 2025 года
3.Отчет ревизионной комиссии по итогам 2025 года
4.Утверждение годового баланса, счетов о прибылях и убытках за 2025 год
5.Утверждение годового бюджета на 2025 год
6.О заключении договора с аудиторской компанией на 2025 год
7. Внесение изменений и дополнений в устав общества или утверждение устава общества в новой редакции
8.Выборы состава Совета директоров
9.Выборы внутреннего аудита
10.О реализации и списании основных средств
11.О безвозмездной передаче Сапаралиеву Абдыманапу жилого дома по адресу: Карасуу р-н., а/о Жоош, с.Мамажан, 62, находящегося на балансе АО «Ак-Алтын»
12.О безвозмездной передаче Асанову Суйунбаю жилого дома по адресу: Карасуу р-н., а/о Жоош, с.Кызыл-Кошчу, ул.Вали Токтобаев, 7, находящегося на балансе АО «Ак-Алтын»

## Акционерлердин чогулушу

«Ак-Алтын» ААК акционерлердин жалпы чогулушу өткөрүлө тургандыгы жөнүндө билдирет. Жалпы чогулуш 2026-жылдын 10-мартында саат 14:00дө төмөнкү дарек боюнча өткөрүлөт: Кара-Суу шаары, Г.Айтиева көчөсү, 24

Ишеним кат менен катышуучу өкүлдөр нотариустан күбөлөндүрүлгөн ишеним катты өздөрү менен алып келүүсү зарыл.

Күн тартиби:

1.Эсептөө комиссиясын шайлоо
2.2025-жылдын финансылык-чарбалык ишмердүүлүк боюнча правлениянын отчету
3.2025-жылдын текшерүү комиссиясынын отчету
4.2025-жыл үчүн жылдык балансын, киреше жана чыгаша эсептерин бекитүү
5.2026-жылга карата жылдык бюджетти бекитүү
6.2026-жылга аудитордук компания менен келишим түзүү жөнүндө
7.Коомдун Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө жана жаңы редакциясын бекитүү
8.Директорлор кеңешинин курамын шайлоо
9.Ички аудитти шайлоо
10.Негизги каражаттарды сатуу жана эсептен чыгаруу жөнүндө
11.«Ак-Алтын» ААКнун балансында турган, Кара-Суу району, Жоош а/о, Мамажан айылы, 62-дарек боюнча жайгашкан турак үйдү Сапаралиев Абдыманапка акысыз өткөрүп берүү жөнүндө»
12.«Ак-Алтын» ААКнун балансында турган, Кара-Суу району, Жоош а/о, Кызыл-Кошчу айылы, Вали Токтобаев көчөсү, 7-дарек боюнча жайгашкан турак үйдү Асанов Сүйүнбайга акысыз өткөрүп берүү жөнүндө.

## Аукцион

Кара-Суу райондунагы Жоош айыл өкмөтүнүн төмөндө көрсөтүлгөн айыл чарба мамлекеттик фондунун жерлери ачык аукцион аркылуу ижарага берилет. Аукцион жарыя газетага чыккан күндөн тартып 30 күндөн кийин Жоош айыл өкмөтүнүн имаратында өткөрүлөт. Аукционго тийиштүү иш кагаздарын айыл өкмөтүнүн жер бөлүмүнө тапшыруунуздар зарыл.

Аукционго коюлган жердин 20% социалдык жактан муктаж адамдарга түз берилет.

Калинин айылы контур №85 2,20га,
Агартуу айылы контур №448 4,0 га, №456 1,85 га №373 1,0 га
Маданият айылы контур №408 1,20 га
Мамажан айылы контур №508 5,80 га № 513 4,50га №259 4,45га
Гайрат айылы контур №458 1,40 №448 4,0га №453 4,20 га
Кызыл-Сарай айылы контур №302 3,0 га №318 2,0 га №250 3,10га №247 1,0 га
Питомник айылы контур №58 6,5 га №96 0,75 га
Кызыл-Кошчу айылы контур №237 5,0га №262 4,0га №210 3,0 га.
Жалпы 63,95 га.

Ош жаңырыгы
Ош облусунун коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Н. Өмүрзакова

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
**Катталуу күбөлүгү**
213623-3310-У-е
**Жазылуу индекси:**
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Байланыш:
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 123
Нускасы: 1800

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

# ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ЖҮГҮН КӨТӨРГӨН ЖЕТЕКЧИ

**Саттаров Шукурилло Иномжанович мамлекеттик жана муниципалдык кызматта такшалган, аймактык башкаруунун бардык баскычтарынан өткөн тажрыйбалуу жетекчи. Ал 1982-жылдын 3-июнунда Ош облусунун Ноокат районундагы Эски Ноокат айылында туулган. Жогорку билимди Кыргыз-Өзбек университетинен алып, экономика багыты боюнча адистешкен. Экономист квалификациясы анын карьерасында негизги таяныч болуп, каржы-экономикалык пландоо, бюджеттик саясат жана ресурстарды натыйжалуу башкаруу багыттарында бекем пайдубал түздү. Эмгек жолун 2001-жылы Мирмахмудов айыл өкмөтүндө социалдык коргоо боюнча жетектөөчү адис катары баштаган. Кийин материалдык бухгалтер, андан соң узак жылдар бою финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы болуп эмгектенип, бюджеттик тартипти бекемдөө, каражаттарды максаттуу пайдалануу жана финансылык туруктуулукту камсыз кылуу багытында олуттуу тажрыйба топтоду.**

**2024-жылдын ноябрь айынан тарта Гулистан айыл өкмөтүнүн башчысы кызматын аркалап келет. Көп жылдык практикалык тажрыйбасы, экономикалык билимге таянган башкаруу ыкмасы жана эл менен иштөөдөгү ийкемдүүлүгү аны жоопкерчиликтүү жетекчи катары көрсөтүүдө. Ал муниципалдык кызматтын 3-класстагы кеңешчиси наамына ээ.**

**Эмгеги коомчулук жана мамлекеттик органдар тарабынан жогору бааланып, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, Кыргызстандагы АКШнын элчилигинин грамотасы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ыраазычылык каты менен сыйланган.**



**Ноокат районунун Гулистан айыл өкмөтүнө жасаган иш сапарыбыз аймактагы өзгөрүүлөрдүн күбөсү болду. Кире бериштен тарта эле эл агымы үзүлбөгөн мекемеде иштин ыргагы сезилип турат.**

**Гулистан айыл өкмөтүнүн башчысы Саттаров Шукурулло Иномжанович бизди жылуу кабыл алып, аймактагы аткарылып жаткан иштер менен кеңири тааныштырды. Бир нече жыл мурдагы абал менен бүгүнкү күндүн айырмасы асман менен жердей экени дароо байкалат. Имараттын тазалыгы, кызматкерлер үчүн түзүлгөн шарт, жарандарды кабыл алуудагы тартип, мунун баарын системалуу иштин белгиси деп баалadык.**

**Кабылдама бөлмөлөрүндө тынымсыз иш жүрүп, кызматкерлер келген ар бир тургунду сылыксыпаа тосуп алып, маселесин так угуп, мыйзам чегинде чечүүгө аракет кылып жатышты. Аймактагы мамлекеттик кызматтын маданияты калыптанып баратканы байкалат.**

## ӨНДҮРҮШ-ӨНҮГҮҮНҮН ӨЗӨГҮ

Шукурулло Иномжанович айыл өкмөтө көп жылдык тажрыйба топтогон жетекчи катары аймактын алсыз жана күчтүү жактарын мыкты билет. Ал жетекчиликке келген алгачкы күндөрдөн тарта эле өндүрүш тармагын өнүктүрүүнү башкы багыт катары белгилеген.

Бүгүн Гулистанда ири тигүү фабрикасынын курулушу жүрүп жатат. Бул ишкана болжол менен тогуз жүз жаранды туруктуу жумуш менен камсыздайт. Айрыкча миграцияга кеткен жарандардын жубайлары, үйдө бала багып отурган кыз-келиндер үчүн бул чоң мүмкүнчүлүк болмокчу. Жаш кыздарды кесипке үйрөтүү, кошумча киреше табуу, өз айылында иштеп, турмушун оңдоого багытталган жетекчинин демилгесинин социалдык мааниси абдан чоң.

Мындан сырткары, бал муздак чыгаруучу заводдун курулушу да башталаар баскычта. Бул ишкана да жүздөй жаранга жумуш ордун түзүп бермекчи. Мындан да маанилүүсү жергиликтүү эл сүт азыктарын тапшырып, кошумча киреше табууга



шарт түзүлөт. Инвесторлордун чет өлкөдөн келип, туулуп-өскөн аймагына салым кошууга умтулуусу ишенимдүү жетекчинин жемиши десек жаңылышпайбыз.

"Жакшы план-проектиси бар ишкерлерге эшигибиз ачык"-деген аймак башчысынын сөзү албетте, Гулистандын инвестицияга даяр аймак экенин айгинелейт демекчибиз.

## АЗЫК-ТҮЛҮК ЖАНА ТАБИГЫЙ КЫРСЫКТЫН АЛДЫН АЛУУ

Өткөн жылдагы сел апааты Гулистанды да кыйгап өткөн жок. Чили-Сай дарыясынын ташкыны дамбаларга олуттуу зыян келтирген. Бирок, кырсыктан кийин кол куушуруп отуруу бул жамааттын табиятына жат көрүнүш.

Жараксыз абалга келген дамбалардын экөө капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, пайдаланууга берилди. Калган дамбалар да калыбына келтирилип, коопсуздук чаралары күчөтүлгөн. Бул иштерде элдин салымы өзгөчө белгиленет.

Ал эми айыл чарбасында кайракы жерлерди өздөштүрүү, тамчылатып сугаруу системасын киргизүү пландары түзүлүп, адистер тарабынан окутуулар уюштурулган. "Азык-түлүк коопсуздугун алдын алууда кайраккы жерлерди өздөштүрүү зарылдыгы турат. Бул багытта тамчылатып сугаруу системасын орнотууну көздөп жатабыз. Себеби, бул өлкө үчүн өтө зарыл система. Дыйкандарыбыз да тажрыйбалуу. Аларга ишенем"-дейт башчы.

Ал эми ичүүчү таза суу маселесин иретке келтирүү, жаңы конуштарга суу тартуу иштери колго алынган. Сууну коромжусуз пайдалануу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

## БИЛИМ БЕРҮҮ -КЕЛЕЧЕККЕ САЛЫНГАН КӨПҮРӨ

Гулистанда билим берүү маселеси өзгөчө көңүл борборунда. Аймакта бир нече мектеп жана бала бакчалар иштеп жатат. Шукурулло Саттаров билим берүү тармагындагы топтолгон көйгөйлөрдү жакшы билет. Ал заманбап үлгүдөгү жаңы бала бакчаларды куруу, мектептерди жаңылоо, жеке менчик бала бакчаларды ачуу сыяктуу демилгелерди көтөрүп келет. Учурда жаңы мектеп куруу иши республикалык титулга киргизилип, курулуш башталганы турат.

Мектеп базасында кружокторду уюштуруп, тигүүчүлүк, кол өнөрчүлүк, кондитердик азыктарды жасоо сыяктуу кесиптерди үйрөтүү социалдык маселеге прагматикалык жооп эмеспи.

"Өзүм жетекчи болуп келип, жүрөгүмдө уюган пландарды калкым үчүн жасап берем деп иштеп жатам. Жеке менчик балдар бакчаларын ачуу, заманбап билим берүүнүн шарттарын жаратуу, окуу курстарын ачуу да планымда бар. Албетте, эрте никеге турууга каршыбыз. Буга бөгөт коюу боюнча болгон аракеттерибизди көрүп жатабыз"-дейт Шукурулло Иномжанович.

## ЖЕР ЖАНА ТУРАК ЖАЙ МАСЕЛЕСИ-МЕЗГИЛ ТАЛАБЫ

Жер маселеси өлкө боюнча курч көйгөй. Гулистанда да жер тилкесине муктаж жарандардын саны арбын. Аймак жетекчилиги жерди трансформациялоо маселесин көтөрүп, көп кабаттуу үйлөрдү куруу планын сунуштоодо. Бул жерди үнөмдөө жана көп жаранды турак жай менен камсыз кылуунун заманбап жолу деп билет жетекчи.

Бул маселе боюнча Шукурулло Саттаров 30 гектар жерди трансформациядан өткөрүүнү мерчемдесе, айылдык кеңештин депутаттары 60 гектарды сунушташкан. "Бизде эки миңден ашуун жаран жер участогун алуу үчүн кезекте турат. Аларга тиги 60 гектар жер да жетпейт. Андыктан көп кабаттуу үйлөрдү курууну пландап жатабыз. Мындай кадамдарга бaруу учур талабы деп билем. Себеби, көп кабаттуу үйлөр курулса, эки миң эле эмес, канчалаган жарандарыбыз үйлүү болушуп, жерди да үнөмдөөгө багыт болмокчу. Муну мезгил көрсөтөт"-дейт жетекчи.

"Бизде азыр айыл өкмөттөрдү колдоо жакшы. Иштейм деп конкреттүү иш долбоорун түзсөң каражат деле ажыратылып берилүүдө. Бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, калкыбыздын жашоо-шартын жакшыртууга болгон аракетибизди көрүп, маанилүү-маңыздуу иштерди аткарып алсак деген изги ниетим бар. Иштеп турсак алдыдагы пландарымы ишке ашырууга болгон билим, тажрыйбамды жумшап келем"-деди аймак башчысы.

Саттаров Шукурулло Иномжанович өзүнө жүктөлгөн милдетти так аткарган, тажрыйба менен демилгени айкалыштырган жетекчи экенин иш жүзүндө көрсөтүүдө. Анын айланасында эмгекчил, жоопкерчиликтүү кызматкерлердин командасы калыптанган.

Гулистан бүгүн өзгөрүүнүн жолунда. Өндүрүшкө бет алган, билимге басым жасаган, инфраструктурасын жаңылаган бул аймакта ийгиликтер бар. Ал ийгилик, албетте, жетекчинин көрөгөчтүгүндө, жамааттын биримдигинде жана калктын колдоосунда.

**Назгүл ӨМҮРЗАКОВА.**